Ар бир мусулман жети күндө бир жуунууга милдеттүү, ошол күндөрдө башын жана денесин жууйт

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Ар бир мусулман жети күндө бир жуунууга милдеттүү, ошол күндөрдө башын жана денесин жууйт".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабар берди: "Ар бир акыл-эси жайында болгон бойго жеткен мусулман үчүн жуманын жети күнүндө бир күн жуунуп туруу жана бул күнү тазалыкка умтулуу менен башын жана денесин жуун туруу – мусулмандын милдети. Ал эми бул күндөрдүн биринчиси, кээ бир риваяттарда айтылгандай жума күн. Бейшемби күнү жуунуп алса да жума күнү намаздан мурда жуунуу бекемделген мустахаб (9) амал. Жума күнү жуунуу важиб деген өкүмдөн буруучу нерсе ал Айшанын (Аллах андан ыраазы болсун) сөзү: "Адамдар өз иштери менен алектенишчү, жума намазга барганда кадимки көрүнүшү менен барышчу. Ошондуктан аларга мындай деп айтылды: "Жуунсаңар болмок". Имам Бухари риваят кылган. Ал эми Имам Бухаринин башка риваятында: "Алар жыттанып турчу" б.а. тер жана ушуга окшогондордун жыты бар эле. Ошого карабастан, аларга: "Жуунсаңар болмок» - деп эле айтылган болсо, анда алардан башкаларга айтуу да ылайыктуураак.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65084